Анапияева А.

К.Тыныстанов атындагы ЫМУ

# ИНДИВИДУАЛДЫК-СТИЛИСТИКАЛЫК НЕОЛОГИЗМДЕР

Жалпы тилдеги неологизмдер менен катар сөз чеберлери көркөм каражат катары стилистикалык максатта өздөрүнүн индивидуалдык неологизмдерин да жаратышат. Алар контексттен сырткары көп чыга бербейт. Ошондуктан кеңири чөй-рөгө тарай албагандыгын көрө алабыз. Башкача айтканда, инди-видуалдык-стилистикалык неологизмдердин жаңылыгы жана өзгөчөлүгү сакталып кала берет. Айрым учурларда тигил же бул автордук неологизмдер жалпы лексиканын бөлүгү болуп калат. Мисал катары европа тилдеринен **«утопия»** деген сөздү Т.Мор (XVI), **«робот»** деген сөздү Дж.Оруэлл (XX), **«атмосфера», «квадрат», «минус», «горизонт»** деген сөздөрдү М.В.Ломоносов, **«самолет» (аэро-план)** деген сөздү Ф.М.Достоевский, **«летчик»** деген сөздү И.Северянин ж.б. колдонгонун алууга болот. Бүгүнкү күндө **атмосфера, квадрат, минус, робот, летчик, самолет** деген сөздөр эч кандай автордук неологизм болуп саналбайт. Атүгүл, жалпы тилдик лексиканы толуктап турган-дыгын көрө алабыз.

Индивидуалдык-стилистикалык неологизмдер жалпы тилдеги неологизмдер сыяктуу жаңы пайда болгон түшүнүктү, нерсени атоо зарылчылыгынан келип чыкпастан, мурда эле тилде аты белгилүү болгон түшүнүктү жаңыча атоо менен, ага күчтүү эмоция, стилистикалык тактык берүү максатын көздөйт да, тилдин активдүү сөздүк запасына кирбестен, көпчүлүк учурда жеке гана чыгарманын же жеке жазуучунун энчиси болуп кала берет. Ошондуктан индивидуалдык-стилис-тикалык неологизмдер мезгилдин өтүшү менен жалпы элдик тилдин карамагына өтүп кетпестен, дайыма өзүнүн жаңылыгын сактап, нео-логизм катары кала берет.

Кыргыз адабиятында ар дайым акын-жазуучуларыбыз чыгармала-рында индивидуалдык-стилис-тикалык неологизмдерди пайда-ланышат. Маселен, акын Райхан Шүкүрбеков элде эзелтен аты белгилүү аракты **«жинди суу»** деп атаган. Абалтан бери чүчкүргөн кезде жооп катары айтылып, саламатчылыкты каалагандыкты билдирүүчү **«акчүч»** деген сылык сөз Мидин Алыбаев тарабынан стилис-тикалык максат үчүн коомго пайдасы тийбеген аялдарга карата айтылуучу өткүр сөздүн ролунда колдонулган. Ал эми Аалы Токомбаев **–чылык** деген мүчөнү стилистикалык максатта колдонуп, *туугандчылык, кыргызчылык уруучулук, улут-чулдук, досчулук* ж.б.у.с. эски турмуштун терс көрүнүштөрүн мыскылдоо үчүн пайдаланган. Сатирик жазуучулар, акындар мындай неологизмдерди курч курал катары гана эмес, терең лиризмди, салтанаттуу риториканы берүү үчүн да колдонушат.

Таланттуу акын Э.Турсунов - **стан** деген мүчөнү колдонуп,

«**Энеке Кыргызстан**» деген ырында «**Ыйыкстан», «Алтыныстан», «Жыл-дызстан»** деген өзүнүн стилис-тикалык неологизмдерин түзгөн.

Жашоомо арка-тирек жаралгандан,

*Жана да батпаган күн, агарган таң.*

*Майданда менин суум, менин абам,*

*Мага бел махабаттуу **Кыргызстан! Ыйыкстан!***

*Кыйбасын кымбат салты – берүү туз–даам,*

*Меймандос адети ошол байыртадан.*

*Мээримдүү менин өлкөм **Кыргызстан,***

*Энеке **Кыргызстан – Алтыныстан!***

*Укмуштуу достук үчүн кубулжуткан,*

*Узардың көп улуттуу уул– кызда.*

*Мага керек, кооз, сулуу **Кыргызстан!***

*Март пейил акылыңа алкоо чачам,*

*Энеке **Кыргызстан – Жылдызстан!***

Акын Ж.Абдыкалыков өзүнүн алгачкы ырлар жыйнагынын бирин **«Жылдызстан»** деп атаса, Муса Жангазиев поэмасына **«Күнстан»** деп ат койгон. **–стан** мүчөсү кыргыз акындарына өздөрүнүн индиви-дуалдык-стилистикалык неологизм-дерин жасоодо активдүү сөз каражаты катары кызмат кылган.

Ал эми Ч.Айтматов «Кылым карытар бир күн» романында **«маңкурт»** деген индивидуалдык–стилистикалык неологизмин жарат-кан. Мисалы, **маңкурт** деген эс-акылдан ажыраган бир сөлөкөт: өзү ким, эли-жери кайда, ысымы ким, ата-энеси ким, кайда, качан чоңойгон эч нерсе эсинде жок, эч нерсени билбейт, кыскасы, өзүн адам деп эсептебей калат.

Романда атасынын акыркы аманатын аткаруудан баш тарткан, кызмат үчүн, мансап үчүн эт-бетинен кеткен Казангаптын жалгыз уулу Сабитжанды жазуучу маңкуртка теңейт. Эптеп эле сөөгүн жашырып кетүүнүн оңой жолун издеп, аяш атасынын зээнин кейиткен Сабитжан бүгүнкү күндүн маңкурту эмей эмине. Дил, каада-салтты түшүнбөгөн Сабитжан сыяктуу-лардын күн санап көбөйүп бараткагын Ч.Айтматов чыгармада таасын чагылдырып, ар бир элине деген патриоттук сезими күчтүү инсанды ойготууга аракеттенген.

Ушул эле **маңкурт** сөзүнө белгилүү акын Ш.Дүйшеев да кайрылган. Мансап үчүн эли-жерин, тилин да унутууга даяр жагымпоз жетекчилерди **маңкуртка** теңейт. Тилдин жоголуп, аянычтуу абалга туш келишине аларды күнөөлөйт.

*Калайык калк, кечир мени,*

*Койгум жок мен күнөөнү.*

*Тил үчүн жалгыз гана Мурат,*

*Сен күнөөлүү! Сен күнөөлүү!*

*Бөрк ал десе, башыңдан кан алышкан,*

*Бөдөнөдөй бөжөңдөп жан багышкан.*

*Эне тилин унутуп мансап үчүн,*

*Эх, канчалар маңкуртка айланышкан.*

Стилистикалык максатта колдо-нулган неологизмдер индивидуалдык жаңылык катары дайым эле көзгө даана уруна бербейт. А.Током-баевдин чыгармаларында жалпы тилде колдонулбаган көп сөздөр жолугат. Бирок алар тилде кеңири колдонулган сөздүк курамдын фонунда анчалык ачык бөлүн-бөгөнсүйт.

Жеке жазуучунун неологизми жалпы тилдик традициянын неги-зинде жасалганда гана элге түшүнүктүү болот. Ошондой эле өзүнө жүктөлгөн милдетти аткара алат. Тактап айтканда, алар тилдеги белгилүү элементтердин негизинде түзүлөт. Ошондуктан мындай

сөздөрдүн мааниси угуучуга же

Окурманга атайын түшүндүрмөсүз эле маалым болуп турат.

Адабияттар:

1. Мамытов Ж. Кыргыз тилиндеги неологизмдер: Лексика-семантикалык жана грамматикалык жолдор менен жасалышы. – Фрунзе: Мектеп, 1966.
2. Жалилов С. Кыргыз тилин-деги жаңы сөздөрдүн сөздүгү. – Ош., 1998.
3. Новые слова и значения./Под ред. Л.З.Котеловой, Ю.С.Сорокина. - Л., 1973, 1984.
4. Новые слова и значения. /Под.ред. Е.А.Левашова. –СПб., 1997.
5. Дүйшеев Ш. Арабадагы ыр. – Бишкек, 1999.
6. Брагина А. А. Неологизмы в русском языке. -М., 1973.
7. Лопатин В. В. Рождение слова. Неологизмы и окказиональные образования. - М., 1973.